БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ААОПО)

**М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиясынын корутунду отчету**

**2025 - ж. 3 -4.11.**

**Эксперттик комиссиянын курамы:**

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:** Арстанбеков Мамасалы Сарбашевич
ОшМУ, юридикалык факультет,
«Кылмыш-жаза укугу жана процесси» кафедрасынын доценти, ю.и.к. ________

**Комиссиянын мүчөлөрү:** Абдулахамидова Барно Нурмахамедовна
А.Мырсабеков атындагы ОМПУ,
"Педагогика жана психология" кафедрасынын доценти, п.и.к. ________

Шакиров Касымбек Абдиллаевич
ОшМУ, кесиптик дисциплиналар боюнча предметтик циклдык комиссиянын төрагасы ________

Абдинаби уулу Эркин
ОшМУ, Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын жетектөөчү адиси ________

Тажибай уулу Үсөнбай
№37 Жол чарба башкармалыгы "ОСИ" АЖБ, башкы инженер ________

БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

Ботобаев Сарыбай Таштемиович

ОшМУ №12 кесиптик лицейинин кесиптик дичциплиналарынын окутуучусу ________

**Референт:** Жээнбаева Ж.А.. ББПУАА, эл аралык иштер жана коомчулук менен байланыштар боюнча менеджери ________

3-4.11.2025 ж.

### 1 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Окуу жайда мониторингдин жана мезгил мезгили менен баалоонун натыйжаларын кызыктар тараптарды тартуу менен талдоонун, талкуулоонун жана аларды билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу иш-чараларынын жетишээрлик денгээлде аткарылбагандыгы.
2. Студенттер аныкталган керектөөлөрүнүн негизинде кошумча ийримдердин жана факультативдердин жетишсиз уюштурулушу.
3. “Автоунаа жолдорун жана аэродромдорду куруу жана эксплуатациялоо” программасы боюнча акыркы жаңы кабыл алынган жол курулушуна тиешелүү электрондук программалар менен камсыз кылуу иштеринин солгундугу (РИК, автокад программаларынын жаны версияларынын жетишсиздиги).

**Сунуштамалар:**

1. 2026-ж. 30-мартка чейин мониторингдин жана мезгили менен баалоонун натыйжаларын талдоого, талкуулоого жана аларды билим берүү процессин уюштурууну жакшыртууга кызыктар тараптарды тартуу жана жыл сайын кызыктар тараптардын катышуусу активдүү камсыздалсын.
2. Студенттер аныктаган муктаждыктарга жараша кошумча ийримдердин, факультативдердин ж.б. үзгүлтүксүз уюштурулушу ар жыл сайын талдоо менен камсыздалсын.
3. 2026-жылдын 30-мартка чейин “Автоунаа жолдорун жана аэродромдорду куруу жана эксплуатациялоо” программасы боюнча акыркы жаңы кабыл алынган жол курулушуна тиешелүү электрондук РИК, автокад программаларынын жаңы версиялары менен камсыз кылуу иштери пландаштыруу менен көзөмөлгө алынсын.
4. Айрым адистиктердин окуу программаларын (НБББ) иштеп чыгууда иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алуу процесси колго алынсын.
5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзамынын (№140, 2023-ж.17.07.) аткарылышын көзөмөлгө алуу менен тиешелүү иш кагаздары жөнгө салынсын.

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу**

Стандарт 2 –аткарылып жатат

**3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

**Күчтүү жактары:**

1. Орто кесиптик билим берүү адистигиндеги студенттердин спорттук спартакиада, мелдештерде активдүү катышуу менен алдыңкы орундарга жетишүүлөрү.

**Алсыз жактары:**

1. Колледждин аймактык ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүгү боюнча иш-чаралардын жетишээрлик деңгээлде эместиги.
2. Студенттер арасында билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу менен жеке окуу траекториялары иштеп чыгуу маселелеринин жолго коюлбагандыгы.
3. Аккредитацияланган программалары боюнча дуалдык окутуунун элементтеринин окуу процессине толук киргизилбегендиги.
4. Орто кесиптик билим берүү программалары боюнча айрым адистиктердин распианиясын (окуу жадыбалын) түзүүдө студенттер үчүн убакыттын тардыгынын эске алынбагандыгы.
5. “Компьютердик системалар жана комплекстер” (тармактар боюнча) адистиги боюнча талапка ылайык тайпаларга бөлүп окутуу системасынын аткарылбагандыгы.

**Сунуштамалар:**

1. 2026 -жылдын 30-октябрга чейин аймактык ички жана сырткы академиялык мобилдүүлүк боюнча иш-чаралар жетишээрлик деңгээлде пландаштыруу менен иш-жүзүнө ашырылсын.
2. 2026-жылдын 30-мартка чейин студенттер арасында билим алуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу менен жеке окуу траекториялары иштеп чыгарылып ишке киргизилсин.
3. 2026-жылдын 30-октябрына чейин аккредитацияланган программалар боюнча дуалдык окутуунун элементтери окуу процессине толук киргизилиши жыл сайын анализдөө менен ишке ашырылсын.
4. Орто кесиптик билим берүү программалары боюнча айрым адистиктердин окуу жадыбалдары студенттер үчүн убакыттын өлчөмүн эске алуу менен түзүлүшү камсыздалсын (*корпустар аралык убакыттар эске алынсын*).

5. 2026-жылдын 30-мартка чейин “Компьютердик системалар жана комплекстер” (тармактар боюнча) адистиги боюнча талапка ылайык тайпаларга бөлүп окутуу системасынын ишке киргизилиши көзөмөлгө алынсын.

Стандарт 3 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**Күчтүү жактары:**

1. Мугалимдерди стимулдаштыруунун ыкмалары жана каражаттары системалуу түрдө жакшы жолго коюлгандыгы.

**Алсыз жактары:**

1. Кесиптик дисциплиналар боюнча окутуучулар тарабынан иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолорунун кыргыз тилинде жетишсиздиги.
2. Окутуучулар курамынын окутууда инновациялык методдорду жана технологияларды колдонуу боюнча иш-чаралары толук камдуу жүргүзүлбөгөндүгү.
3. Аккредитацияланган адистиктер боюнча өндүрүштүн өкүлдөрүнөн окутуучу катары окуу процессине тартылбагандыгы.
4. Орто кесиптик окутуу программаларынын окутуучулар арасында сырткы академиялык мобилдүүлүктүн жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлбөгөндүгү.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 30-сентябрына чейин кесиптик дисциплиналар боюнча окуу-методикалык колдонмолорун кыргыз тилинде жетиштүү түрдө камсыздалышы көзөмөлгө алынсын.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин окутуучулар курамынын окутууда инновациялык методдорду жана технологияларды колдонуу боюнча иш-чаралары пландаштыруу менен толук кандуу жүргүзүлүшү камсыздалсын.
3. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитацияланган адистиктер боюнча өндүрүштүн өкүлдөрүнөн окуу процессинине тартуу иштери жандандырылсын.
4. Эки жыл аралыгында орто кесиптик окутуу программаларынын окутуучулар арасында сырткы академиялык мобилдүүлүктүн жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлүшү көзөмөлгө алынуу менен ишке ашырылсын.

Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Алсыз жактары:**

1. Китепканадагы кесиптик дисциплиналар боюнча окуу китептери анын ичинде электрондук окуу китептеринин жетишсиздиги.
2. Окуу лабораториялык канааларынын заманбап технологиялар жана техникалык жабдуулар менен толук камсыздалбагандыгы.
3. “Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы” адистиги боюнча айыл чарба продукцияларын кургатууда, муздатууда, тоңдурууда, консервалоодо, сактоодо өндүрүштүк жабдуулар боюнча макеттерди, лабораториялык стенддерди түзүү жана заманбап лабораторияларды түзүү иштеринин жетишсиздиги.
4.Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга тиешелүү шарттардын жетишсиздиги.
5.Колледждин сайтында тиешелүү маалыматтардын официалдуу жана расмий тилде толук жарыяланбагандыгы.
6.Жатаканадагы студенттер үчүн каралган шарттардын толук кандуу жетишсиздиги.

**Сунуштамалар:**

1. Ар жыл сайын китепканадагы орто кесиптик дисциплиналар боюнча окуу китептери анын ичинде электрондук окуу китептери жетиштүү түрдө камсыз кылуу боюнча иш-чаралар пландаштырылып талдоо менен ишке ашырылсын.
2. Эки жыл ичинде “Башталгыч класстарда окутуу”, “Компьютердик системалар жана комплекстер” (тармактар боюнча), “Дизайн” (тармактар боюнча), “Автоунаа жолдорун жана аэродромдорду куруу жана эксплуатациялоо”, “Укук жана социалдык камсыздоону уюштуруу” адистиктери боюнча окуу лабораториялык канааларынын заманбап технологиялар, техникалык жабдуулар жана жаңы заманбап инженердик приборлор менен камсыздоо ишке ашырылсын.
3.Эки жылдын аралыгында “Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы” адистиги боюнча айыл чарба продукцияларын кургатууда, муздатууда, тоңдурууда жана аларды сактоодо өндүрүштүк жабдуулар боюнча макеттерди, стенддерди түзүү жана заманбап жабдуулар боюнча лабораторияларды түзүү иштери пландаштыруу менен камсыздалсын.
4. Айыл чарба мөмө-жемиштерин жана томат сымал жашылчаларды алгачкы иштетүүчү технологиялык мини линия жабдууларынын макетин түзүү иштери камсыздалсын

5.Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга тиешелүү шарттарды уюштуруу иштерин пландаштыруу менен шарттарын жакшыртуу иштери каралсын.

6.2026-жылдын 1-сентябрына чейин колледждин сайтында тиешелүү маалыматтарды мамлекеттик жана расмий тилде толук жарыяланышы камсыздалсын.
7.2026-жылдын 30-сентябрына чейин орто кесиптик билим берүү адистиктериндеги студенттери үчүн жатаканадагы каралган шарттардын толук кандуу жетилиши көзөмөлгө алынсын.

8. Эки жылдын аралыгында “Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы” адистигинин студенттерине **дуалдык окутууну** уюштурууда, айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалар менен келишимдерди түзүү жүзөгө ашсын.

9. Эки жылдын аралыгында “Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы” адистигинин окуу программаларынын өндүрүштөгү практикалык сааттарын көбөйтүү иштери каралсын.

Стандарт 5 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

## Стандарттардын бааланышы

Стандарт 1 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 2 – аткарылып жатат
Стандарт 3 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 4 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
Стандарт 5 – жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

Билим берүү программаларына тышкы баалоо

жүргүзгөн эксперттик комиссия өзүнүн отчетунун негизинде
М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин
төмөнкү орто кесиптик билим берүү программаларын:

1. 030504 Укук жана социалдык камсыздоону уюштуруу
2. 070602 Дизайн (тармактар боюнча)
3. 110305 Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы
4. 050709 Башталгыч класстарда окутуу
5. 270206 Автоунаа жолдорун жана аэродромдорду куруу жана эксплуатациялоо
6. 230108 Компьютердик системалар жана комплекстер (тармактар боюнча)

5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоону сунуштайт

*2025-ж. 4.11.*